ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2022-жылдын май айындагы №8 жыйынында каралуучу **“Факультеттерде биргелешкен билим берүү ( кош диплом) программаларын ишке ашыруунун абалы”** аттуу маселе боюнча Кыргыз-Кытай факультетинен маалымдама:

2. 2021-2022 окуу жылынын октябрь айында ККФнын кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын отурумунда БББ программалары боюнча маселелер каралып талкууланган. (Кабыл алынган чечимдер жана алардын аткарылышы боюнча маалымат жыйындардын даталарын көрсөтүү менен төмөндө тиркелет).

3.Кыргыз-Кытай факультети 2020-2021-окуу жылында Кытай Эл Республикасынын Ханькоу институту менен биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча байланыш түзүп, бир нече ирет сүйлөшүүлөрдүн негизинде бакалавр баскычында Филология адистиги боюнча кызматташуу макулдашылды. Кыргыз-Кытай факультети Филология адистигин ачып 75 студент кабыл алды. 2021-2022 окуу жылынын октябрь айында ОшМУ Ханькоу институту менен Филология адистиги боюнча **(кытай тили, англис тили)** “2+2” биргелешкен билим берүү программасын ишке ашыруу туурасында эки тараптуу келишимге кол койду.

(№ 1,2 сүрөттөр)





*(№ 1,2 сүрөттөр: ОшМУ менен Ханькоу институту ортосунда БББП боюнча кол коюу аземи )*

5. Кыргыз-Кытай факультети 2020-2021-окуу жылында Кытай Эл Республикасынын Тяньцзинь чет тилдер университети менен Лингвистика багытында ал эми Шанхай Цзяотун университети менен Кытай таануу багытында “2+2” биргелешкен билим берүү программасын ишке ашыруу тууралуу бир нече ирет видеоконференцияларды уюштурду.
(№ 3, 4 сүрөттөр)








*(№ 3,4 сүрөттөр: Тяньцзинь чет тилдер университети менен БББП алкагында кызматашууну талкуулоо учуру )*

2021-2022-окуу жылынын март айынан баштап ККФнын окутуучулары; Бакиров Максат, Абдылдаева Гулшан, Акылбек уулу Эрлан, Пазылов Тыныстан, Суранчыев Бекболсун, Шамшиев Нурбек Шанхай Цзяотун университети тарабынан кытай тили окутуучулары үчүн уюштурулган 1 семестр квалификацияны жогорулатуу курсунда онлайн окуп жатышат. (№ 5,6 сүрөттөр)






*(№ 5,6 сүрөттөр: Кытай тили жана кытай кафедрасынын окутучулары квалификацияны жогорулатуу учурунда)*

6. 2022-жылдын май айында биргелешкен билим берүү программасын реализациялоону материалдык жактан колдоо максатында Ош мамлекеттик университети, Шанхай Цзяотун университети жана Кытай Эл Ресипубликасынын Агартуу министрлигине караштуу “Кытай тилинин кызматташтык борбору” ортосунда үч тараптуу келишимге кол коюу пландалып жатат. Келишимдин мазмунунда “Кытай тилинин кызматташтык борбору” жыл сайын “2+2”  БББПсы аркылуу 2 жыл Шанхай Цзяотун университетине барып окуй турган 20 студенттин ар бирине 40 000 юань (5900 $)стипендия төлөп бермекчи. Маалымат үчүн Шанхай Цзяотун университетинин бир жылдык окуу жана жатакана акысы 38 000  юаньды (5600 $)түзөт. Маалымат үчүн: Шанхай Цзяотун университети дүйнөлүк QS рейтингинде 47 орунда турат. (№ 5 сүрөт)




*(№ 5 сүрөт:Шанхай Цзяотун университети менен БББ программасын талкуулоо учуру)*





7. 2022-жылдын 17-май куну Кыргыз-Кытай факультети менен Шанхай Чыгыш-Кытай педагогикалы университети менен 1чи Онлайн жолугушуу болуп оттту. Жолугушууда ККФнын “Лингвистика” (бакалавриат) багыты боюнча “2+2”, ошондой эле магистратурадагы “Кытай таануу”, “Лингвистика” багыттары боюнча 1+1 биргелешкен билим берүү программасын ишке ашыруу туурасында эки тараптуу келишимдин долбоору талкууланды. (№ 6,7 сүрөт)







*(№ 6,7 сүрөт:Шанхай Чыгыш-Кытай педагогикалык университети менен БББ программасын талкуулоо учуру)*

8. 2021-жыл ичинде ОшМУнун жетекчилиги, Кыргыз-Кытай факультети Кытайдын “Лубан” кесиптик Институту менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, “Лубан” долбоору алкагында Кытайдын Чжэцзян илимий-техникалык институту менен кызматташууга белсенип турат. “Лубан” кесиптик мектеп долбоорунун өзгөчөлүгү заман талабына жооп берген техникалык багыттагы адистерди даярдайт. Лубан долбоору буга чейин дүйнөнүн 19 мамлекетинде 20га жакын “Лубан институту” ачылган, мисалы: Улуу Британияда, Португалия, Индия, Индонейзия, Таиланд, Пакистан жана башка бир канча Африка өлкөлөрүндө ишке ашып адистерди даярдап келүүдө. (8,9 сүрөттөр)







*(№ 8,9 сүрөт:Африка өлөлөрүндө “Лубан” институттарынын ачылышы)*

9. 2022-жылдын 18-май куну Кыргыз-Кытай факультетинин жетекчилиги Конфуций Институтунун жетекчили менен биргеликте “Лубан” институтун ачууда КЭР тараптан аныкталган негизги өнөктөшү Чжецязн илимий-техникалык институту менен биринчи жолку онлайн-жолугушуу өткөрүштү. Жолугушууда IT адистиктери аныкталып, ОшМУ менен келишим түзүү макулдашылды. (№ 10,11,12)








*(№ 10,11,12 сүрөт: Чжецзян илимий-техникалык институту менен кызматташуу тууралуу талкуу)*

9. Университетте БББП өнүктүрүүгө карата сунуш пикирлер:

“2+2” БББП ишке ашыра турган адистиктердин мамлекеттик стандарттарын жана окуу пландарын түзүп жатканда программанын өзгөчөлүгүнө көңүл буруу.